КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

***Жергиликтүү кеңешинин***

**ТОКТОМУ**

**“10” 07 2026-ж №187** **Кызыл-Суу айылы**

**Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу Жалгыз-Өрүк айылындагы жаңы саланып жаткан 100 орундуу бала бакчага ат ыйгаруу жөнүндө.**

2026-жылдын 13-майындагы Кызыл-Суу айыл аймагынын Жалгыз-Өрук айылынын жашоочуларынын кайрылуусу боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы Т.К.Баякуновдун сунушун карап чыгып, талкуулап жергиликтүү кенешинин сессиясы **токтом кылат.**

1.2026-жылдын 13-майындагы Кызыл-Суу айыл аймагынын Жалгыз-Өрук айылынын жашоочуларынын кайрылуусу боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы Т.К.Баякуновдун сунушу эске алынсын.

2.Кыргыз Республикасынын географиялык аталыштар жөнүндөгү мыйзамынын 7-беренесинин негизинде Кызыл-Суу айыл аймагынын Жалгыз-Өрүк айылынын жаңы салынып жаткар 100 орундуу бала бакчага мектепке чейинки балдарды тарбиялоодогу үзүрлүү жана көп жылдык эмгегин баалап Ибраева Зинаиданын ысымы берилсин, 100 орундуу бала бакча Жалгыз-Өрүк айылындагы Ибраева Зинаида атындагы “Бакыт” бала бакчасы деп аталсын.

3. Ушул токтом тиркемеси менен Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтында жарыялансын.

4.Кызыл-Суу айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин жоопту катчысы А.Ташбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5.Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо жагы жергиликтүү кенештин социалдык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.К.Баякуновго тапшырылсын.

**Төрайым** **Г.Чыныбаева**